# НАСААТЧЫЛЫК ИШ-АРАКЕТТЕРИ

ӨЗҮҢӨ ТИЛЕГЕНДИ ӨЗГӨГӨ ДА ТИЛЕ,
ӨЗҮҢӨ КЫЛГАНЫҢДЫ БАШКАГА ДА КЫЛ.
БУЛ – АДАМ БОЛУУНУН КЫСКА ЖОЛУ.

ЭРТЕ ТУРУП, КЕЧ ЖАТСАҢ ДА УЙКУҢ КАНАТ,
ЭРТЕ ТУРГАН КИШИГЕ ЫРЫС ТАМАТ.

**Зарылкан Азаров** ар кайсы тармакта иштеген мезгилдерде, жаш адистерге көп көңүл буруп, кээ биринин өтө дилгир, жөндөмдүүлүктөрүн байкап, аларды жогорку же болбосо жетектөөчү кызматтарга сунуш кылып дайындоочу эле.

Мисалы, Кыргызпотребсоюздун Ананьеводогу Даярдоо конторасында директор болуп иштеп турганда, Каракол шаарына областтык коллегияга барып, ал жерден жаш адис **Мамбетов Калмак** аттуу катардагы бухгатер менен таанышат. Анын жөндөмдүүлүгүн байкап, Ананьевого чакырып келип, адегенде башкы бухгалтер кылып, бир аздан кийин аны өзүнүн ордуна директор кылып дайындоону жогорку органдарга сунуштап, бекиттирет. К.Мамбетов бир топ жыл Ананьевонун Даярдоо конторасында директор болуп үзүрлүү эмгектенип, аталган ишкана бир топ ийгиликтерге жетишкен.

Дагы бир жолкусунда, Кыргызпотребсоюздун Ананьево керек-жарак коомунда жаш, катардагы жумушчу болуп эмгектенген **Давлетбаев Турсунбайды** (Бопун) жана аны менен чогу иштеп жүргөн **Ибрагимов Алмазды** Даярдоо конторасына чакырып келип Турсунбайды кассирлик жумушка дайындайт. А Алмазды болсо, жөндөмдүүлүгүнө жараша, адегенде айыл-чарба сырьелорун даярдоочу кылып орноштурат. Экөө тең, ишенип берилген кызматтарды татыктуу жана так аткарышып, ишенични акташат.

**Ибрагимов Алмаздын** тапшырылган кызматын дайыма билгичтик, жоопкерчилик менен аткарып




жүргөндүгүн жетекчилик баалап, бир аздан кийин, аны Ананьевонун Даярдоо конторасынын башкы кампасынын башчылыгына дайындашат. Бир топ жыл үзүрлүү эмгектенгенден кийин, бала-чакалуу болгон А.Ибрагимов Казакстанга көчүп кетет. Адегенде, Павлодардагы ири алюмин заводунун Алма-Атадагы филиалында директор болот, бир аздан соң Павлодарга көчүп барып аталган заводко, «Алюминий Казахстана» АОсунун (Павлодарский алюминиевый завод) Президенти болуп дайындалып, ушул убакытка дейре үзүрлүү эмгектенип келди. Азыр болсо, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кеңешчиси болуп иш алып барууда.

**Ибрагимов Алмаз** Казакстанда чоң даражадагы кызматта иштегенине карабай, бүгүнкү күнгө дейре үй-бүлөлүк катташууларын үзбөй келүүдө. Азаров Зарылкандан өз убагында, жаштыгына карабай сый-урмат көргөнүн баалап, аксакалдын 75-жаш Юбилейлик тоюна, өзү келе албаса дагы, энеси менен баласын белегин тапшырууга жиберет. Белеги, жаңы үлгүдөгү ГАЗ-31 “Волга” автомашинасы болгон. Мындан тышкары, Ананьевонун элине ыраазычылыгын билдирүү максатында, айылга чоң мечит салдырып

берди. Ошондой эле, Ананьевонун бир топ жаштарына Павлодардагы алюмин заводунда татыктуу жумуштарда иштөөлөрүнө өбөлгө түзүп берип иштетүүдө.

Бир жолу, Алмаздын атасы каза болгондо, Ананьевого Александр Машкевич, Алижан Ибрагимовдор баштаган сегиз миллиардерлер - Алмаздын бизнес-партнерлору узатуу аземине келишип, коштошуу батага катышып кетишкен. Булар коштошуу батада өзүнчө бөлмөдө отурушат, булардан башка ал бөлмөгө бир гана Зарылканды кошушат. Зарылкан бөлмөгө киргенде, төрдө отурган А.Машкевич ордунан туруп, *"Зарылкан Азарович бул жака келиңиз"* – деп, өзүнүн өйдө жагына сый-урмат менен отургузуп, даам сызышып, Алмаздын атасына чогу коштошуу баталарын беришкен.



**Ошондой эле**, өз убагында устат катары туура жолдомо, кеп-кеңешин берип колдоо көрсөтүп чоңойткон адис-жетекчи болгондору **Эсеналиев Шүкүрбекти** (өкүл баласы), **Дөөлөтбаков Маарazыкты** (Саматтын өкүл атасы), **Кыдыкбаев Бекбосунду**, **Бактияров Рахимди** атап кеткенибиз дурус болчудай. Алар менен үй-бүлөөлүк катташуулары дагы үзүлбөй келүүдө.

**Зарылкан** адамдар менен жаңы таанышабы, же мурдатан таанычу беле, же болбосо алыс-жакын тууганы болобу, баарына тең, түз мамиле кылаар эле. Жана алар-

дын жөндөмдүүлүктөрүнө жараша адекватту колдоо көрсөтүп келген. Мисалы, жээни **Курумшиев Жекшендин** билимине жараша, жумушка өтө тыкан, адилеттүү мамиле кылаарын байкап, Заготконторанын Григорьевка айлындагы пунктуна башчы кылып дайындайт. Жекшен болсо, өз тарабынан ката кетирбей, кол алдындагыларга жана айылдыктарга туура, калыс мамилеси менен ишеничти актап, жетектеген пунктун ишкананын алдыңкы катарларына чыгарып жетектеп жүрдү. Жекшендин бир туугандары дагы ишке тың болгондуктарынан, иниси **Ишен** – жашылча-жемиштер боюнча пунктун жетектеди, карындашы **Дарика** Алма-Атадагы айыл-чарба институтун бүтүрүп келип, адегенде Фрунзедеги жашылча-жемиштер боюнча базада иштеп, кийин Ананьеводо лабораторияда иштерин үзгүлтүксүз, өз орду-орду менен, таякесине сөз тийгизбей, жумуштарын так аткарышты. Азыркы убакта, Дарика бизнес жаатында эмгектенүүдө.